УДК 373.2 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-159-163

**КУШТАРБЕК КЫЗЫ ЭЛИЗАТ**
Т. Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык институту
**КУШТАРБЕК КЫЗЫ ЭЛИЗАТ**
Бишкекский музыкально-педагогический институт имени Т. Эрматова
**KUSHTARBEK KYZY ELIZAT**
Bishkek Musical and Pedagogical Institute named after T. Ermatov

# 12-ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮНҮН МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## ВЛИЯНИЕ ПЕРЕХОДА НА 12-ЛЕТНЮЮ СИСТЕМУ ОБРАЗОВАНИЯ НА ДОШКОЛЬНОЕ ОБУЧЕНИЕ

## THE IMPACT OF THE TRANSITION TO A 12-YEAR EDUCATION SYSTEM ON PRESCHOOL EDUCATION

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада 12 жылдык билим берүү системасын ишке ашыруунун бала бакчалардын ишмердүүлүгүнө тийгизген негизги таасирлери каралат. Изилдөөдө мектепке чейинки билим берүүнүн структурасы, окуу программалары жана окутуу методдорундагы өзгөрүүлөргө көңүл бурулат. Автор педагогикалык кадрларды даярдоонун маанилүүлүгүн жана ата-энелер менен тыгыз кызматташуунун зарылдыгын баса белгилейт. Макалада Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү тажрыйбалар салыштырылып, мектепке чейинки билим берүүнү өркүндөтүүнүн багыттары сунуш кылынат.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются основные последствия внедрения 12-летней системы образования на деятельность детских садов. В исследовании основное внимание уделяется изменениям в структуре дошкольного образования, учебных программах и методах обучения. Автор подчеркивает важность подготовки педагогических кадров и необходимость тесного сотрудничества с родителями. В статье сравнивается опыт Кыргызстана и других стран и предлагаются пути улучшения дошкольного образования.

**Abstract:** In this article, the main consequences of the implementation of the 12-year education system on the activities of kindergartens are considered. In the study, the main attention is paid to changes in the structure of preschool education, curricula and teaching methods. The author emphasizes the importance of training pedagogical staff and the need for close cooperation with parents. The article compares the experience of Kyrgyzstan and other countries and suggests ways to improve preschool education.

**Негизги сөздөр:** 12 жылдык билим берүү; мектепке чейинки билим берүү; билим берүү системасы; окутуу программалары; мектепке даярдоо; педагогикалык даярдык; эл аралык тажрыйба; реформанын таасири.

**Ключевые слова:** 12-летняя система образования; дошкольное образование; образовательная система; учебные программы; подготовка к школе; профессиональная подготовка педагогов; международный опыт; влияние реформ.

**Keywords:** 12-year education system; preschool education; education system; curricula; school readiness; teacher training; international experience; impact of reforms.

**Киришүү.** Кыргызстанда билим берүү тармагынын трансформациясы жана анын жаңылануусу улуттук өнүгүүнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат. Бул жаңылануулары ишке ашыруу үчүн маалыматтык маданиятты өнүктүрүү чоң мааниге ээ. Р.Т. Сулаймանованын пикири боюнча: "Инсандын маалыматтык маданиятын өстүрүү маселесин талдоодо биз адам тарабынан кабыл алынып жаткан билимдердин көлөмүнүн күндөн күнгө өсүп жатканын, анткени менен алардын күндөлүк турмуштун актуалдуу маселелерин чечүү үчүн колдонуу активдүүлүгүнүн барган сайын төмөндөп баратканынын ортосундагы

карама-каршылыктардың күч алып жаткандыгын бөлүп карайбыз. Инсандын жаңы маалыматты алууга болгон кызыкчылыгы өзүн өзү өстүрүүгө болгон керектөөгө эмес, көбүнчө алардын ошол маалыматты билүүгө карата болгон жөн гана кызыгуусуна жараша аныкталат. Азыркы мезгилдеги инсандын маалыматтык маданиятын өнүктүрүүнүн негизги фактору болуп адамга селдей агылып жаткан маалыматтык агымдан керектүүсүн тандап алуунун нормаларын жана эрежелерин өздөштүрүп алуу саналат" [10]. Бул жыйынтыкта Кыргызстанда билим берүү системасын жаңылоо, билим алуунун сапатын арттыруу үчүн адамдардын маалыматтарды туура пайдалануу жөндөмүн өнүктүрүүгө басым жасоо зарыл экендигин көрсөтөт. Маалыматтык маданияттын көтөрүлүшү улуттук өнүгүүгө, ошондой эле жаңы билимдерди практикада колдонууга мүмкүндүк берет.

12 жылдык билим берүү системасына өтүү өлкөнүн билим берүү тармагындагы эң ири өзгөртүүлөрдүн бири болуп калды. Бул система Кыргыз Республикасында билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, балдардын эрте өнүгүүсүнө жана дүйнөлүк билим берүү стандарттарына шайкеш келүүсүн камсыз кылат.

Бул реформанын максаты – заманбап эмгек рыногунун талаптарына ылайык, окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу жана алардын келечектеги кесиптик, социалдык, интеллектуалдык өнүгүүсүнө бекем негиз түзүү. Бирок бул процесстин ийгиликтүү ишке ашырылышы үчүн билим берүү тутумунун бардык баскычтарына, анын ичинде мектепке чейинки билим берүүгө да олуттуу көңүл бурууну талап кылат.

Мектепке чейинки билим берүү – баланын интеллектуалдык, эмоционалдык жана социалдык өнүгүүсүнүн алгачкы жана эң маанилүү этабы болуп эсептелет. 12 жылдык билим берүү системасына өтүү бул баскычка кандай таасир этет? Биринчиден, мектепке чейинки билим берүү программалары балдарды мектепке даярдоонун жаңы талаптарына ылайыкташтырылышы керек. Экинчиден, жаңы система мектеп жашына чейинки балдардын өнүгүү динамикасын эске алуу менен, окутуу усулдарын жана стандарттарын кайрадан карап чыгуу талабын коет.

Бул макалада Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасына өтүүгө байланыштуу 5-6 жашатагы балдарды мектепке даярдоонун сапатын камсыз кылууга багытталган жаңы программаларды иштеп чыгуу, бул тармактагы дүйнөлүк тажрыйбага кайрылуу, аларды салыштыруу менен биздин мамлекеттеги мектептке чейинки билим берүүнү өркүндөтүү жолдорун аныктоо талабын актуалдаштырат. Ошондой эле, бул өзгөрүүлөрдүн негизинде мектепке чейинки билим берүүнү өркүндөтүү боюнча сунуштар берилет.

Бул макаланын максаты – Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасына өтүүнүн мектепке чейинки билим берүүгө тийгизген таасирин талдоо. Макалада бул реформанын мектепке чейинки билим берүүнүн мазмунуна, методикасына жана балдарды мектепке даярдоо процесстерине кандай өзгөртүүлөрдү киргизери каралат. Ошондой эле, дүйнөлүк тажрыйбага таянуу менен, мектепке чейинки билим берүүнү жаңы шарттарга ылайыкташтыруунун мүмкүнчүлүктөрү жана зарылдыгы тууралуу сөз болот.

Бул макалада төмөнкү **изилдөө методдору** колдонулду:

1. Теориялык-аналитикалык талдоо методу аркылуу 12 жылдык билим берүү системасы жана анын мектепке чейинки билим берүүгө тийгизген таасири боюнча илимий адабияттарды, мыйзамдык-укуктук документтерди жана эл аралык тажрыйбаларды талдоо жүргүзүлөт.
2. Салыштырмалуу анализ – дүйнөлүк тажрыйбаны изилдеп, ар кайсы өлкөлөрдөгү мектепке чейинки билим берүүнүн 12 жылдык билим берүү системасы менен шайкештигин жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо.
3. Маалыматтарды синтездөө аркылуу мектепке чейинки билим берүүнүн өзгөрүүсүнө байланыштуу негизги тенденцияларды аныктоо жана жалпылоо.
4. Констатациялык-диагностикалык методдор аркылуу (эмпирикалык маалыматтар колдонууу менен) – мугалимдердин, тарбиячылардын жана ата-энелердин пикирлерин сурамжылоо же интервью алуу аркылуу тиешелүү маалыматтарды топтоо.

**Талкууга алынуучу маселелер.**

Учурда 12 жылдык билим берүү системасына өтүүнүн мектепке чейинки билим берүүгө тийгизген таасири илимий талдоону

талап кылган бир катар **маселелер жарлууда.** Биринчи кезекте, мектепке чейинки билим берүүнүн мазмундук өзгөрүүлөрү жана окутуу методикасынын жаңы талаптарга ылайыкташтыруу талабы жаралат. Бул балдарды мектепке даярдоонун мазмунун жана эффективдүү усулдарын иштеп чыгууну жана аларды практикага киргизүүнү талап кылат.

Ошондой эле, педагогикалык кадрларды даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу маселеси өзгөчө актуалдашпат. Тарбиячылар жана мугалимдер 12 жылдык билим берүү концепциясынын алкагында балдардын өнүгүүсүн камсыздай ала турган жаңы билимдерге жана көндүмдөргө ээ болушу керек.

Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн ортосундагы үзгүлтүксүз байланышты камсыз кылуу да илимий талдоону талап кылган маселелердин катарында турат. Бул эки баскычтын ортосундагы программалык жана методикалык шайкештикти камсыз кылуу балдардын окууга болгон адаптациясын жеңилдетүүгө шарт түзүшү зарыл.

Жогоруда белгиленген талаптар мектепке чейинки билим берүүнүн балдардын психологиялык, когнитивдик жана эмоционалдык өнүгүүсүнө тийгизген таасирин илимий негизде изилдөө менен 12 жылдык билим берүү системасына өтүү балдардын өнүгүү динамикасына жана алардын мектепке даярдык деңгээлине кандайча таасир этерин аныктоону талап кылат.

Ошол эле мезгилде бала-бакчаларда 12 жылдык билим берүү талабына жооп бере турган материалдык-техникалык база маселеси алдыга чыгат. Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жетишсиздиги, алардын жаңы талаптарга ылайык келиши жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча илимий-методикалык каражаттарга талдоо жүргүзүү жана айрымдарын кайрадан иштеп чыгуу зарыл.

Акырында, 12 жылдык билим берүүгө өтүүдө ата-энелердин ролу, алардын мектепке чейинки билим берүү процессине катышуусу илимий жактан изилдениши керек. 12 жылдык билим берүү системасынын алкагында ата-энелердин жоопкерчилиги, билим берүү мекемелери менен болгон кызматташтыгы жана үй-бүлөнүн баланын билим алуусундагы орду талдоону талап кылган маанилүү маселелердин бири болуп саналат.

Бул маселелерди илимий негизде изилдөө жана чечүү 12 жылдык билим берүү системасына өтүүнүн мектепке чейинки билим берүүгө тийгизген таасирин терең түшүнүүгө жана анын ийгиликтүү ишке ашырылышын тездетет.

Өздүк тажрыйбадан келип чыккан байкоолор жана практикалык тажрыйбалар 12 жылдык билим берүү системасынын мектепке чейинки билим берүүгө тийгизген таасирин тереңирээк түшүнүү жана аны ишке ашыруу жолдорун изилдөөгө түртү болууда.

Практикалык ишмердүүлүктө байкалган негизги тажрыйбалардын бири – балдардын мектепке даярдык деңгээлинин ар түрдүүлүгүн кабыл алуу. Көпчүлүк ата-энелер мектепке чейинки билим берүүгө жетиштүү маани бербегендиктен, кээ бир балдар мектепке жетиштүү деңгээлде даяр болбой келет. Демек, 12 жылдык билим берүү шартында мектепке чейинки билим берүү программаларын күчөтүү жана ата-энелерди окутуу маанилүү.

Мугалимдер жана тарбиячылар менен болгон иш тажрыйбасынан улам, жаңы окуу программаларын жана методдорун иштеп чыгууда кыйынчылыктар бар экени белгилүү болду. Тарбиячылар жана башталгыч класстын мугалимдери мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн тыгыз кызматташышы керек. Бирок практика көрсөткөндөй, бул байланыш ар дайым жетиштүү деңгээлде болбой, программадагы айрым ажырымдар балдардын мектепке ыңгайлашуусуна терс таасирин тийгизиши байкалат.

Ата-энелер менен иштөө тажрыйбасынан белгилүү болгондой, кээ бир ата-энелер баланы мектепке даярдоо милдетин толугу менен бала бакчага жүктөп коюшат. Бирок 12 жылдык билим берүү системасынын натыйжалуу ишке ашырылышы үчүн ата-энелердин активдүү катышуусу аркылуу боло тургандыгын түшүнө беришпейт. Ошондуктан, ата-энелерди бала тарбиялоого активдүү тартуу жана аларга керектүү кеп-кеңештерди берүү боюнча иш-чараларды күчөтүү керектигин көрөбүз.

Балдардын психологиялык жана социалдык адаптациясына байланыштуу тажрыйбалар көрсөткөндөй, айрым балдар мектепке чейинки билим берүү мекемелерине барбагандыктан, мектепке барганда кыйналып, социалдык көндүмдөрдү өздөштүрүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушат. 12

жылдык билим берүү системасына өтүү балдардын мектепке даярдыгын күчөтүүнү талап кылгандыктан, мектепке чейинки билим берүүнү бардык балдар үчүн жеткиликтүү кылуу өтө маанилүү.

Жыйынтыктап айтканда, өздүк тажрыйбадан келип чыккан байкоолор көрсөткөндөй, 12 жылдык билим берүү системасынын ийгиликтүү ишке ашышы үчүн мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин мазмунун жакшыртуу, мугалимдердин жана тарбиячылардын өз ара кызматташтыгын күчөтүү, ата-энелерди билим берүү процесстерине тартуу жана балдардын психологиялык адаптациясын колдоо керек.

**Батыштагы бала бакчалардын мектепке даярдоо маселелерине кайрылсак,** бала бакчалар мектепке даярдоо боюнча өзгөчө көңүл буруп, балдардын акыл-эстик, социалдык, эмоционалдык жана физикалык өнүгүүсүнө негизделген комплекстүү программаларды иштеп чыккандыгын көрүүгө болот. Балдарды мектепке квалификациялуу даярдоо үчүн алар атайын педагогикалык концепцияларды жана методикаларды колдонушат. Мисалы, Финляндия, Швеция жана Германия сыяктуу өлкөлөрдө мектепке чейинки билим берүү балдарга «өлчөмдүү» билим берүү эмес, жашына ылайык социалдык жана психологиялык көндүмдөрдү, ошондой эле креативдүү ой жүгүртүүнү жана өз ара аракеттенүүнү үйрөтүү максатын көздөйт.

1. Балдардын социалдык жана эмоционалдык даярдыгы: Батыш өлкөлөрүндө бала бакчалар балдардын социалдык өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгүн, эмоцияларын башкарууну жана ийгиликтүү топто иштөөнү үйрөтүүгө басым жасашат. Мектепке чейинки билим берүү бала бакчадагы оюн, команда менен иштөө жана өзүн-өзү баалоо аркылуу баланын эмоционалдык туруктуулугун өнүктүрүүгө багытталган.
2. Акыл-эстик өнүгүү: Батыштагы бала бакчаларда балдар үчүн интерактивдүү окуу иш-чаралары, логикалык оюндар жана когнитивдик көндүмдөрдү өнүктүрүүчү активдүүлүктөр кеңири колдонулат. Математикалык түшүнүктөр, тилдик өнүгүү жана башкалардын негиздери оюн формада киргизилет.
3. Жеке муктаждыктарга ылайык адаптация: Мектепке даярдоо программаларынын көпчүлүгү ар бир баланын индивидуалдуу ыкмаларын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алып иштелет. Батыш өлкөлөрүндө бул, адатта, баланын жеке психологиялык, эмоционалдык жана интелектуалдык өзгөчөлүктөрүн жакшы түшүнүү менен ишке ашырылат.

**Кыргызстандагы бала бакчаларда көңүл бурушу керек маселелер.**

Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү мекемелери үчүн бир катар негизги маселелерди эске алуу маанилүү. Батыштагы тажрыйбага таянып, төмөнкүлөргө көңүл буруу зарыл:

1. Социалдык жана эмоционалдык даярдык: Кыргызстандын бала бакчаларында балдардын социалдык көндүмдөрү жана эмоцияларын башкаруу жөндөмдүүлүктөрү боюнча жумуштарды күчөтүү зарыл. Балдарга өз-ара байланыш, бири-бирине жардам берүү жана конструктивдүү иштөө көндүмдөрү үйрөтүлүшү керек.
2. Инклюзивдүү билим берүү: Мектепке чейинки билим берүүнү бардык балдар үчүн жеткиликтүү кылуу, ар түрдүү мүмкүнчүлүктөрү бар балдар үчүн теңдикти камсыз кылуу маанилүү. Кыргызстанда мындай иштерди ишке ашыруу үчүн балдардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу жана ийкемдүү программалар иштеп чыгуу талап кылынат.
3. Акыл-эстик өнүгүү жана билим берүү: Балдардын креативдүү ой жүгүртүүсүн, логикалык ойлоону жана тилдик өнүгүүсүн колдоо керек. Бул үчүн бала бакчаларда оюндарды, искусствону, окуу жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүчү методикаларды колдонуу зарыл.
4. Педагогикалык кадрларды даярдоо: Бала бакчаларда иштеген педагогдорду үзгүлтүксүз окутуп, аларды заманбап педагогикалык ыкмалар менен тааныштыруу маанилүү. Батыштын тажрыйбасына ылайык, мугалимдердин балдар менен иштөө боюнча өз алдынча иштөөгө мүмкүндүк берүүчү тренингдер уюштурулуп, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу зарыл.
5. Ата-энелер менен кызматташуу: Ата-энелерди бала бакчадагы тарбия жана билим берүү процесстерине тартуу керек. Бул батыштагы тажрыйбага негизделген ишти көбөйтүү менен, ата-энелер балдардын өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этүүгө мүмкүндүк алышат.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстанда 12 жылдык билим берүүгө өтүү дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбаларды эске алуу менен балдарды бала бакчаларда даярдоо боюнча

атайын даярдоо программаларды, балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен окутуу технологияларын иштеп чыгууну, ата-энелердин педагогикалык билимин жогорулатуу сыяктуу комплекстүү иш-аракеттерди талап кыла тургандыгы белгилүү болду.

Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасына өтүү мектепке чейинки билим берүүгө бир катар олуттуу маселелерди чечүү талабын коюууда. Бул реформа биринчи ирэтте балдарды мектепке даярдоонун мазмунун, жаңы ыкмаларын иштеп чыгууну, педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууну жана билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылууну талап кылат [9].

Изилдөөнүн жүрүшүндө белгилүү болгондой, мектепке чейинки билим берүүнүн мазмунун жаңыртуу, тарбиячылар менен башталгыч класстардын мугалимдеринин тыгыз кызматташтыгын камсыз кылуу жана ата-энелерди билим берүү процессине активдүү тартуу зарыл экендигин көрсөтүүдө. Мындан тышкары, материалдык-техникалык базаны чыңдоо жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү маселеси дагы актуалдуу бойдон калууда.

Практикалык байкоолор жана дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, 12 жылдык билим берүү системасынын ийгиликтүү ишке ашырылышы мектепке чейинки билим берүү баскычына жасалган инвестицияга жана өзгөртүүлөргө көз каранды. Ошондуктан, аталган баскычтагы окутуунун сапатын жогорулатуу жалпы билим берүү системасынын натыйжалуулугун арттыруунун негизги фактору болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, мектепке чейинки билим берүү 12 жылдык билим берүү системасына өтүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана анын ийгиликтүү ишке ашышы балдардын келечектеги окуусуна жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Бул багытта илимий негизделген реформаларды жүргүзүү, кадрларды даярдоо жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу маанилүү милдет болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, "Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга өнүктүрүү программасы". – Бишкек, 2021. – Кирүү режими: https://edu.gov.kg/media/files/3ae0adc0-2c9b-4014-9ee5-af90ce612959.pdf

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги "12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясы". – Бишкек, 2024. – Кирүү режими: https://edu.gov.kg/posts/3614/

3. Сатыбекова М.А., Асипова Н.А. ж.б. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды колдонуу менен студенттердин предметтик компетенттүүлүгү // Илим жана билим берүүнүн перспективасы, 2023, Nº 2(62), с. 351-370. – Кирүү режими: https://doi.org/10.32744/pse.2023.2.20

4. "Кут Билим" гезити "12 жылдык мектеп: Ар бир балага сапаттуу билим". – Бишкек, 2023. – Кирүү режими: https://kutbilim.kg/news/inner/12-zhyldyk-mektep-ar-bir-balaga-sapattuu-bilim/

5. ЮНЕСКО.Мектепке чейинки билим берүүнүн сапатын жогорулатуу: Эл аралык тажрыйба жана сунуштар. – Париж, 2021.

6. Heckman J.J. Skill Formation and the Economics of Investing in Disadvantaged Children // Science, 2006, 312(5782), 1900-1902.

7. OECD. Starting Strong: Early Childhood Education and Care // OECD Publishing, 2017.

8. Кыргыз билим берүү академиясы. Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү: абалы, көйгөйлөрү жана өнүгүү перспективалары. – Бишкек, 2022.

9. Сулайманова Р.Т., Алымкулова Н.А. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы, 2024, № 3(119), с. 38-45. – Кирүү режими: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=74919223

10. Сулайманова Р.Т. Средства формирования культурной компетенции и важность учебно-воспитательного процесса в сегодняшнем медиаобразовании // Вестник КГУ им. И. Арабаева, 2017, № 4, с. 339-342. – Кирүү режими: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42981391_77875955.pdf

**Рецензент: д.п.н., профессор Мамбетакунов У.Э.**